# Адабий окуу сабагы 3-класс

# «Окуу керемет!» долбоору 1-модуль 3-стратегия

# КӨП ДЕҢГЭЭЛДҮҮ ТАПШЫРМАЛАР

**Даярдаган: Чүй облусунун Сокулук районунун Нурлан Рахманов атындагы орто мектебинин башт.кл. муг. Сагыналиева Н.А.**

# АЛТЫН ЭРЕЖЕ

- ЭРТЕ ТУРУП ҮЙҮМДӨН, САБАГЫМДАН КЕЧИКПЕЙМ.
- ТАРТИП БУЗУП СЕБЕПСИЗ, ЧУРКАП КИРБЕЙМ ЭШИКТЕН.
- СУРОО БЕРСЕ ЭЖЕКЕМ, КОЛ КӨТӨРҮП ЖООП БЕРЕМ.
- ТҮЗ ОЛТУРУП КЛАССТА, ТҮЗ КОЁМУН КОЛУМДУ.
- АР НЕРСЕГЕ АЛАКСЫП, БУРМАЛАБАЙМ ОЮМДУ.
- ЖОЛТОО БОЛУП САБАККА, УРУКСАТСЫЗ БАСПАЙМЫН.
- ТАПШЫРМАНЫ ТАК ЖАСАП, ЖАЛКООЛУКТУ ТАШТАЙМЫН.



# Сабактын ураанЫ:

**Жаратылышты коргоо-мекенди коргоо.**

# Сабактын темасы:
# Дарак да ыйлайбы?
*(«Кырчын» журналынан)*



# Бүгүн биз сабакта :


- Аңгемени окуп, анын мазмунун талдайбыз;
- чыгарманын башкы каарманынын мүнөздөмө беребиз;
- каармандын жүрүм-туруму, аракеттерин;
- каармандын сезимдерин, башынан өткөргөн окуяларын, ойлорун;
- каармандын адамдарга, өз ишине болгон мамилеси, жаратылышка болгон мамилесин талдайбыз.
- өз ишибизге баа беребиз, андан башка чакан топтордо чыгармачыл тапшырмаларды аткарабыз.

# Дарак да ыйлайбы? аңгемеси менен таанышабыз

- Балдар, дарак ыйлашы мүмкүнбү?
- А канаттуулларчы?
- Жаныбарларчы?
- Өз оюңарды айтып көргүлөчү.
- Бул чыгарма эмне жөнүндө болушу мүмкүн? Божомолдоп айтып көргүлөчү.



# Дарак да ыйлайбы?
## (текстти бөлүктөргө бөлүп окуу)



Марат ташмылтык жасаганга ылайык ачакей бутак издеп жүрүп, аны үйдүн тушундагы ак кайыңдын төмөнкү бутагынан тапты. Чөнтөгүнөн макисин алып чыгып, ачакейди кесип алды. Кайыңдын түбүнө отуруп, анын кабыгын тазалады. Ошол кезде колуна тамчы «тып» этип тамды. Марат өйдө жакты карады. Асман ачык эле. Ишин кайра улантты. Көп узабай колуна экинчи ирет тамды. Ошондо ордунан туруп, «Кайдан таамп атты болду экен?» дегендей, өйдө жакты карай баштады. Ана, тамчы эми бетине тамды.

Балдар, окуя ким жөнүндө болуп жатат?
Кандай окуя болду? Мараттын колуна эмне болгон
тамчы тамышы мүмкүн?

- Көрсө, алиги бутагы кыйылган жерден сызылып суу чыгып жатыптыр.
- Марат буга аң-таң калды. Ал тамчыны үйүнө келгенден кийин да унута албады. Бул жөнүндө атасына да айтты. А атасы ойлонуп калды.

Балдар, атасы эмне деп айтышы мүмкүн?
Мындан ары эмне болот, окуя кандай уланат деп ойлойсуңар?




- Жер бетинде көгөрүп турган өсүмдүктүн баары адамдар сыяктуу эле тирүү, - деди ал кыйладан кийин. - Апарды сындырсаң, кыйсаң эти ооруйт, жабыркайт, кыйналат.
- Марат атасына таңгала карады:
- Чын элеби?
- Тиги тамчы бекер тамды дейсиңби, уулум? - дел сөзүн улантты атасы. - Ал жөнөкөй тамчы эмес, кайыңдын көз жашы го? Балким, кесилген жеринин ооруганына чыдабай, ыйлап жаткан чыгар...
- Балдар, атасы эмне деди? Силердин божомолуңар менен туура келдиби?



- Бул чыгарма силерге эмнеси менен жакты?

- Марат кантип ташмылтык жасады? Анын максаты эмне эле?
- Ак кайыңдын кыйылган бутагынан тамган тамчы жөнүндө айтып, бала атасынан кандай жооп укту?
- Силер кандай ойлойсуңар, чын эле дарак ыйладыбы?
- Марат эми эмне кылат деп ойлойсуңар? Чыгарманын окуясын андан ары өзүңөр уланткылачы.
- Силер да Марат сыяктуу табиятка зыян келтирген жок белеңер? Класста ой бөлүшкүлө.

# Чыгармачыл иштерди топтордо аткарабыз.



# Макалдар аркылуу топторго бөлүнүү.

- «Көк чөптү үзбө, боюң өспөй калат».
- «Жаш бутакты сындырба, убал болот. Сен дагы ошол бутактай жашсың».
- «Булакты булгаба, ак ниет адам тазалыкты булгабайт».
- «Кумурсканын уюгун бузба, чымчыктын уясын бузба, сенин да үйүң бузулат».

**Бул макалдар бизге эмнени үйрөтөт? Текст менен бул макалдар эмнеси менен байланышат?**

- 1-тапшырма. Жөнөкөй сүйлөмдөр менен тексттик жазуусу бар сүрөттүү китеп түзүү
- 2-тапшырма. Каарманды мүнөздөп таблицаны түзүү
- 3-тапшырма. Марат жана атасына Венндин диаграммасын түзүү.
- 4-тапшырма. Жаратылыш


1-тапшырма. Жөнөкөй сүйлөмдөр менен тексттик жазуусу бар илюстрациялык китеп түзүү



# 2-тапшырма. Каармانды мүнөздөп таблицаны түзүү

| | |
|---|---|
| Каармандарды мүнөздө. | |
| Ким? | |
| Кандай? | |
| Эмне кылып жатат? | |
| Табиятка болгон мамиле? | |
| Ким? | |
| Кандай? | |
| Эмне кылып жатат? | |
| Табиятка болгон мамиле? | |

# 3-тапшырма. Марат жана атасына Венндин диаграммасын түзүү.



# 4-тапшырма. Жаратылыш деген сөзгө  кластер түзүү.



# Өзүн –өзү баалоо баракчасы

| Каарман | Мен буларды камтыдым | Мен дагы көбүрөөк маалыматты кошумчалашым керек |
|---|---|---|
| Аты-жөнү | | |
| Эмне үчүн мен бул каарманды тандадым? | | |
| Каармандын бир аракети/ишмердүүлүгү | | |
| Каармандын өзгөчө мүнөзү же бир сапаты жана мен аны кантип билдим? | | |
| Грамматикалык эрежелер сакталган | | |
| Бардык энчилүү аттар баш тамгалар менен жазылган | | |
| Толук бүткөн сүйлөмдөр пайдаланылган | | |
| 3 төн кем эмес сын атооч колдонулган | | |

# Оюн ойнойбуз. Кар топ


**Баалоо:** Кагаздардын барактарын бырыштырып, «кар тогологун» жасаңыз. «Сиздин каарманыңыздын аты ким?» - деген суроо берип, «кар тогологун» окуучуга ыргытыңыз. Окуучу жооп берип, башка окуучуга «кар тогологун» ыргытып, суроо берет: «Каармандын бир аракетин айтыңыз». Мындай аракет улам-улам кайталанат. Окуучулар бири-бирине «кар тогологун» ыргытып жатканда, каармандар жөнүндө ылайыктуу суроолорду берүүнү уланта бериңиз. Каармандар жөнүндө суроолорго жооп бере албаган бардык окуучулардын аттарын өзүңүзгө жазып алыңыз.

- Каарманыбыздын аты ким?
- Каармандын бир аракетин айт?
- Каармандын мүнөзү кандай экен?
- Анын эмне кылганы жаккан жок?
- Автор бул чыгарма менен эмнени айткысы келди?
- Маратка кандай кенеш бере аласың?
- Бул чыгарманын негизги идеясы эмнеде?

# Жыйынтыктоо

- *Балдар, айлана-чөйрөгө көрк берип турган гүлдөр, бак-дарактар, жашыл тулаң чөптөр - баары тең жаратылыш, тирүүлүк экенин унутпагыла.*
- *Төмөндө силердин досуңар Берметтин ырын окугула жана өзүңөр да ушул сыяктуу ыр жазып көргүлө.*

# Жоогазын



Жаратылыш жапжашыл,
Көңүлүңдү көтөрөт.
Жаз мезгилде айлана
 Кооздукка бөлөнөт.

Жоогазындар жадырап,
 Баары тегиз гүлдөптүр.
Сулуулук берип тоолорго,
 Айлананы түрдөптүр.

Таазим кылып ийилип,
 Жыттап көрдүм акырын.
Кандай кооз гүлдөр- деп,
Жакшы көрдүм баарысын.


Үзгөнүм жок бир дагы,
Соолуп калат себеби.
Гүлдөп турса ар дайым,
Бизге тиет кереги.

Тентек балдар шоктонуп,
Тепсеп, үзүп салбасын.
Жоогазындай коп гүлдөр,
Көпкө чейин жашасын.



# Үйгө тапшырма

- Аңгемени окуп, мазмунун үйдөгүлөргө айтып бергиле.
- Силер да Марат сыяктуу табиятка зыян келтирген жок белеңер? Класста ой бөлүшүүгө даярдангыла.



# Сабак бүттү !

# Азаматсыңар !

# Баарыңарга ийгилик каалайм!

